«Каралды»
КИПКнин окуу-усулдук кеңешинин
2021-жылдын 2-февралындагы
№ 3-отурумунда.
ОУКнин төрайымы: Ч.А.Мадиярова

«Бекитилди»
КИПКнин Педагогикалык Кеңешинин
2021 -жылдын 10- февралындагы
№ 3 отурумунда.
Пед. Кеңештин төрайымы: Л.Муратова

# Негизги кесиптик билим берүү программасы тууралуу Жобо

## 1.Жалпы жоболор

1.1. Негизги кесиптик билим берүү программасы тууралуу (НКББП) Жобо (мындан ары Жобо) Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинде (мындан ары КИПК) ишке ашырылып жаткан негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүмүн жана аны иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн тартиптерин аныктайт.

1.2. Жобо КИПКде ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларына бирдей талапты орнотот.

1.3. НКББПны иштеп чыгуунун максаты төмөндөгү шарттарды камсыздоочу иш-кагаздардын пакетин иштеп чыгуу болуп саналат:

-окуу жайдын илимий, билим берүүчүлүк өзгөчөлүктөрүн (уникалдуулугун) жана жергиликтүү жана эл аралык эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен тиешелүү билим берүү стандартынын талаптарын аткаруу;

-билим алуучулардын жеке сапаттарын өнүктүрүү жана конкреттүү даярдоо багыты боюнча билим берүү стандартынын талаптарына ылайык жалпы маданий, жалпы кесиптик жана кесиптик компетенцияларын калыптандыруу;

-окуу жайдагы окутуунун бардык этаптарында билим алуучулардын компетенцияларынын жана билим берүүнүн милдеттүү натыйжаларынын калыптануу деңгээлин объективдүү баалоо үчүн негиздеме.

1.4. Жобо төмөндөгү ченемдик-укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты:

-Кыргыз Республикасынын «Билим берүү тууралуу» мыйзамы (№ 92, 30- апрель, 2003-ж.)

-Кыргыз Республикасынын берүү жана илим министирлигинин №824/1(06.08.2009) - буйругу менен бекитилген ESTS жөнүндөгү Жобо;

-КРнын Өкмөтүнүн №346 (29.05.2012) - токтому менен бекитилген Жоболор.

1.4. Билим берүү программалары кафедралар (бирикмелер) тарабынан тиешелүү багыттын (адистиктин) мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык, анда ишке ашырылуучу профилдерди эсепке алуу менен, ар бир даярдоо багыты боюнча өзүнчө иштелип чыгат. НКББП кафедранын отурумдарында талкууланат жана бөлүмдүн САБ/ОУБдө каралып чыгып, КИПКнин Педагогикалык Кеңешине бекитүүгө сунушталат. Андан кийин Педагогикалык Кеңешинин чечимине ылайык директордун буйругу менен бекитилет.

1.5. НКББП билим берүү программасынын курамына кирген программанын жалпы мүнөздөмөсү, окуу планы, окуу жараянынын графиги, сабактардын (модулдардын) жумушчу программалары, баалоо каражаттары жана усулдук материалдар түрүндө берилген билим берүүнүн негизги мүнөздөмөсүн (максаты, көлөмү, мазмуну, күтүлүүчү натыйжалар), уюштуруу жана

педагогикалык шарттарынын, аттестациянын формаларынын комплексин өзүнө камтыйт.

1.6. КИПКнин билим берүү программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен жаңыланып туруучу документтердин топтому түрүндө иштеп чыгат.

1.7. Билим берүү программасында КИПКнин миссиясына жана керектөөчүлөрдүн (стейкхолдерлердин) суроо-талаптарына ылайык төмөндөгүлөр аныкталат:

*-билим берүү программасынын максаты;*

*-күтүлүүчү натыйжалар - мамлекеттик стандартта белгиленген жана профилдин өзгөчөлүгүнө жараша КИПК тарабынан аныкталган кошумча компетенциялар;*

*-ар бир сабак (модуль) жана практика боюнча пландаштырылган күтүлүүчү натыйжалар*

*- компетенциялардын калыптанышынын баскычтарын мүнөздөөчү жана билим берүү программасын өздөштүрүүдөгү күтүлүүчү натыйжаларга жетүүнү камсыздоочу билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр жана ишмердүүлүктүн тажрыйбалары;*

*-коюлган максатка жана күтүлүүчү натыйжаларга жетүүнүн жолдору (окутуунун усулу, кадрдык, материалдык-техникалык камсыздоо ж.б.).*

1.8. Билим берүү программасынын профилдери ошол программанын алкагында КИПК тарабынан аныкталат. Билим берүү программасынын тиешелүү профилдери НКББПнын титулдук баракчасында көрсөтүлөт.

1.9. НКББПны жана анын курамына кирген документтердин комплексин иштеп чыгуу, түзүү жана сактоо иштери кафедранын (бирикменин) башчысынын түздөн-түз милдети болуп эсептелинет.

## 2.НКББПнын түзүлүшү

2.1. Мамлекеттик стандартка ылайык иштелип чыккан билим берүү программасы милдеттүү (базалык бөлүм) жана вариативдик бөлүктөрдөн турат.

2.2. Билим берүү программасынын базалык бөлүгү ошол программанын бардык профилдерине милдеттүү болуп эсептелинет жана студенттердин мамлекеттик стандарт тарабынан белгиленген компетенцияларын калыптандырууну камсыз кылат. Ал өзүнө билим берүү стандарты тарабынан белгиленген сабактарды (модулдар) жана практикаларды, КИПК тарабынан белгиленген сабактарды (модулдар) жана практикаларды, мамлекеттик жыйынтык аттестацияны камтыйт.

2.3. Билим берүү программасынын вариативдик бөлүгү мамлекеттик стандарт тарабынан белгиленген компетенцияларды тереңдетүүгө жана кеңейтүүгө багытталган. Ал өзүнө эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык КИПК тарабынан аныкталган сабактарды (модулдарды) камтыйт. Ошондой эле факультативдик, элективдик жана адистештирилген адаптациялык сабактардагы вариативдик бөлүккө киргизилет. Вариативдик бөлүктүн мазмуну билим берүү программасынын профилине ылайык түзүлөт.

2.4. НКББПнын түзүмү төмөндүгүдөй милдеттүү элементтерден турат:

-*титулдук баракча;*

-*жалпы жоболор;*

-*кесиптик ишмердүүлүктүн мүнөздөмөсү;*

*-билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптануучу компетенциялар;*

*-билим берүү программасын ишке ашыруудагы окутуу жараянынын мазмунун жана уюштурулуусун тескөөчү иш кагаздар;*

*-билим берүү программасын ресурстук камсыздоо;*

*-бүтүрүүчүлөрдүн жалпы-маданий (социалдык-инсандык) компетенцияларынын өнүгүүсүн камсыздоочу окуу жайдын чөйрөсүнүн мүнөздөмөсү;*

*- билим алуучулар тарабынан ББПны өздөштүрүүсүнүн сапатын баалоонун системасын укуктук-ченемдик камсыздоо.*

**2.5. НКББПнын түзүмүнүн негизги элементтерине болгон талаптар:**

***2.5.1.Титулдук баракча*** -НКББПнын биринчи барагы болуп эсептелинет жана анда багыттын/адистиктин жана профилдин аталышы көрсөтүлөт. Ошондой эле, титулдук баракчада окутуунун формасы жана ыйгарылуучу даража/квалификация да көрсөтүлөт.

***2.5.2. Жалпы жоболор -*** даярдоо багыты боюнча НКББПны иштеп чыгууну жана ишке ашырууну жөнгө салуучу укуктук иш кагаздар.

***2.5.3.Билим берүү программасынын мүнөздөмөсү:***

*-билим берүү программасынын максаты;*

*-НКББПны өздөштүрүүнүн мөөнөтү;*

*-билим берүү программасынын көлөмү;*

*-кабыл алуу жана билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн абитуриенттерге коюлуучу талаптар.*

***2.6.Кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү:***

2.6.1. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн тармагы - мамлекеттик стандарттардын талаптарына ылайык аныкталат.

2.6.2. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объекти - мамлекеттик стандарттардын талаптарына ылайык аныкталат.

2.6.3.Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү - эмгек рыногунун керектөөлөрүнө жана КИПКнин билим берүүчүлүк, илимий-изилдөөчүлүк жана материалдык-техникалык ресурстарына ылайык даярдалып жаткан студенттин кесиптик ишмердүүлүгүнүн конкреттүү түрлөрү көрсөтүлөт.

2.6.4.Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери - тиешелүү мамлекеттик стандарттын негизинде берилген багыт/адистик жана даярдоо профили боюнча ар бир кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрү үчүн жазылат жана КИПКнин билим берүүчүлүк, илимий-изилдөөчүлүк жана материалдык- техникалык ресурстарына ылайык толукталат.

***2.7.Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптануучу компетенциялар.***

2.7.1.Талап кылынган компетенциялардын мүнөздөмөсү.

2.7.2.Компетенциялардын матрицасы.

***2.8.Билим берүү программасын ишке ашыруудагы окутуу жараянынын мазмунун жана уюштурулуусун тескөөчү иш кагаздар.***

2.8.1.Окуу жараянынын календардык графиги - теориялык окутуунун, экзамендик сессиялардын, практикалардын, мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялардын жана эс алуу убактарынын ырааттуулугун жана көлөмүн белгилейт. График мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык иштелип чыгып, окуу планынын биринчи бетине жайгаштырылат.

2.8.2.Окуу планы

2.8.3.Сабактардын (модулдардын) жумушчу программаторы - НКББПда окуу планынын базалык жана вариативдик бөлүктөрүндөгү (тандоо сабактары менен кошо) бардык сабактардын жумушчу программалары тиркелүүсү зарыл. Ар бир сабактын (модулдун) жумушчу программасында

белгиленген компетенцияларга ылайык күтүлүүчү натыйжалар так жазылышы керек.
2.8.4.Сабактын жумушчу программасы төмөндөгүлөрдү камтыйт:

Титулдук баракча
1. Дисциплинанын максаты
2. Окутуунун натыйжалары жана калыптандырылуучу компетенциялар
3. НКББПнын структурасындагы дисциплинанын орду
4. Дисциплинанын технологиялык картасы
5. Дисциплинанын компетенциялар картасынын
6. Дисциплина боюнча баллдарды топтоонун картасы
7. Дисциплинанын программасы
8. Сабактын түрлөрү боюнча сааттардын бөлүштүрүлүшүнүн тематикалык планы
9. Сабактардын түрлөрү боюнча календардык-тематикалык план
    9.1. Лекция сабактын темалары
    9.2. Практика сабактын темалары
    9.3. Лабораториялык сабактардын темалары
9.4. Студенттердин өз алдынча иштери
10. Жыйынтыктоочу экзамендеги тапшырмалар (үлгү)
11. Дисциплинанын окуу-усулдук колдонмолору
12. Балл коюу саясаты

2.8. Окуу жана өндүрүштүк практикалардын программасы:
- практиканын максаты;
- практиканын милдеттери;
- практиканы өткөрүүнүн формалары;
- практика өтүлүүчү жери жана убактысы;
- практика өтөөнүн натыйжасында калыптануучу компетенциялар;
- практиканын мазмуну;
- практикада колдонулуучу билим берүүчүлүк, илимий-изилдөөчүлүк жана илимий-өндүрүштүк технологиялар;
- практикада студенттердин өз алдынча иштерин окуу-усулдук камсыздоо;
- аралыктык аттестациянын формасы (практиканын жыйынтыгы боюнча);
- практиканын окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздалышы (сунушталуучу адабияттар, программалык камсыздоо жана интернет ресурстары);
- практиканын материалдык-техникалык камсыздалышы.

***3.НКББПнын ресурстук камсыздалышы***

3.1.1.Кадрлар менен камсыздоо.
3.1.2.Окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздоо.
3.1.3.Материалдык-техникалык камсыздоо.

***3.2.Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы-маданий (социалдык-инсандык) компетенцияларынын өнүгүүсүн камсыздоочу окуу жайдын чөйрөсүнүн мүнөздөмөсү;***

***3.3.Билим алуучулар тарабынан КББПны өздөштүрүүсүнүн сапатын баалоонун системасын уктук-ченемдик камсыздоо - учурдагы, аралыктык (чектик) текшерүү жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация.***

## 4.НКББПны иштеп чыгуу жана бекитүү

4.1.Билим берүү программасына кирген иш кагаздардын топтомун иштеп чыгуу, түзүү жана сактоо үчүн тиешелүү кафедранын/бирикменин башчысы жооптуу болуп эсептелинет. Ал билим берүү программасынын мазмуну жана анын өз учурунда актуалдаштырылуусу үчүн жооп берет.

4.2.НКББПны иштеп чыгуунун принциптери:

-билим берүү программасынын спецификасын, профилин жана эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен анын билим берүү, илим, тарбия тармактарындагы негизги максатын жана милдеттерин аныктоо;

- окуу сабактарындагы мазмундук-логикалык байланышын аныктоо;

- бүтүрүүчүнүн компетенттик моделин аныктоо;

-билим берүү программасынын мазмунундагы теориялык жана практикалык бөлүктөрдүн катышынын максаттуулугун белгилөө;

-окуу планын жана окуу жараянынын календардык графигин иштеп чыгуу;

-сабактардын жана практикалардын жумушчу программларынын аннотацияларын түзүү;

-тиешелүү билим берүү программасын ишке ашырууну камсыздоочу сабактардын, практикалардын, мамлекеттик жыйынтык аттестациялардын программаларын иштеп чыгуу.

4.3.Кафедралардагы/бирикмелердеги билим берүү программаларын актуалдаштыруу ар жыл сайын ишке ашырылат.

*Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин окуу-усулдук кеңеши*